| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>ТӨРТ-КҮЛ АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>ТОРТ-КУЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |

# Төрт-Күл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VII-чакырылышынын XVII сессиясынын № 63 токтому

**11-декабрь 2023-жыл**

**Туура-Суу айылынын айыл башчысы А.Иманакуновдун Туура-Суу айылындагы Таш-Жон участкасына бала бакча куруугa 0,36 га жер аянтын бекитип берүү жөнүндөгү арызын кароо тууралуу**

Кыргыз Республикасынын, Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө", "Жергиликтүү Кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" жана 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамдарына ылайык , Туура-Суу айылынын айыл башчысы А.Иманакуновдун сунушун угуп, талкуулап айылдык Кеңештин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Туура-Суу айылындагы Таш-Жон участкасындагы 2-04-08-1003-0291 идентификациялык номердеги, чектөөлөрү А-В- Төрт-Күл айыл өкмөтү, В-Г- 2-04-08-1003-0283, Г-А- көч 8-көчөдөгү 0, 36 га жер аянтына бала бакча куруу үчүн бекитилип берилсин.

2. Бала бакчаны куруугa АПУ, ИТУ жана башка баштапкы иш кагаздары даярдалып, акча каражаты изделсин.

3. Бул токтомдун аткарылышы Төрт-Күл айыл аймагынын башчысы У.Төлөновго милдеттендирилсин.

4. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Төрт-Күл айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Г.Садыровага тапшырылсын.

5 .Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырам.

Төрага У.Карыпбаев